**УДК: 372.212.3**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/2-491-499**

**Иманкулова С.Э.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
saadatesen@mail.ru
**Адылбекова А.А.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
adylbekova.a@icloud.com

# КӨРКӨМ ӨНӨР САБАГЫ – ӨСПҮРҮМ КУРАКТАГЫ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН КӨРКӨМ-ЭСТЕТИКАЛЫК ТАБИТИН КАЛЫПТАНДЫРУУ КАРАЖАТЫ

**Аннотация:** Бул макалада көркөм өнөр сабагында өспүрүм курактагы мектеп окуучуларынын көркөм-эстетикалык табитин калыптандыруу маселеси каралат. Азыркы учурда жаш муундарды эстетикалык жактан тарбиялоо бирден-бир негизги милдетердин бири болуп жатат. Калыптанган эстетикалык табит инсанга эстетикалык тарбия берүү процессинин натыйжасы болуп саналат. Эстетика илими эстетикалык табитти инсандын көркөм маданиятынын негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири катары карайт, аны коомдун эстетикалык маданиятынын өнүгүү деңгээли менен байланыштырат. Бул мааниде эстетикалык табиттин мазмундук негизин искусство түзөт, ал жеке адамды эстетикалык тарбиялоонун каражаты катары да каралат. Эстетикалык жактан тарбияланган, табити жогору өнүккөн окуучунун дүйнөгө болгон көз карашы туура калыптанып, окууга, тарбияга болгон мамилеси да өзгөрөт. Көркөм-эстетикалык табитти калыптандырууда көркөм өнөр сабагынын мааниси абдан чоң.

Макалада предметтик стандартка басым жасалып, коюлган максат, милдеттер талданат. Мугалимге сабак өтүүдө бир нече сунуштар берилет.

**Негизги сөздөр:** Эстетикалык тарбия, көркөм-эстетикалык табит, көркөм өнөр сабагы, өспүрүм курак, мугалим, окуучу, чыгармачылык, искусство, ишмердүүлүк, калыптандыруу.

**Иманкулова С.Э.**
кандидат педагогических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
saadatesen@mail.ru
**Адылбекова А.А.**
магистрант
Кыргызский государственный университет им. И. Арабаева
г. Бишкек
adylbekova.a@icloud.com

# УРОК ИЗОБРАЗИТЕЛЬНОЕ ИСКУССТВО – СРЕДСТВО ФОРМИРОВАНИЯ ХУДОЖЕСТВЕННО-ЭСТЕТИЧЕСКОГО ВКУСА ШКОЛЬНИКОВ-ПОДРОСТКОВ

**Аннотация:** В данной статье рассматривается вопрос формирования художественно-эстетического вкуса школьников подросткового возраста на уроке изобразительного искусства. В настоящее время эстетическое воспитание молодого поколения является одной из главных задач. Сформированный эстетический вкус является результатом процесса эстетического воспитания человека. Наука эстетика рассматривает эстетический вкус как одну из основных характеристик художественной культуры человека и связывает его с уровнем развития эстетической культуры общества. В этом смысле содержательной основой эстетического вкуса является искусство, которое рассматривается также как средство эстетического воспитания личности.

У учащегося, воспитанного эстетически и обладающего сильно развитым вкусом, будет правильный взгляд на мир, изменится и его отношение к учебе и воспитанию. Уроки изобразительного искусства имеют большое значение в формировании художественно-эстетического вкуса.

В статье акцентируется внимание на предметном стандарте и анализируются поставленные цели и задачи. В статье дается учителю несколько предложений по проведению урока.

**Ключевые слова:** Эстетическое воспитание, художественно-эстетический вкус, изобразительное искусство, подростковый возраст, учитель, ученик, творчество, искусство, деятельность, формирование.

**Imankulova S.E.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
saadatesen@mail.ru
**Adylbekova A.A.**
master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
adylbekova.a@icloud.com

# THE FINE ARTS LESSON IS A MEANS OF DEVELOPING THE ARTISTIC AND AESTHETIC TASTE OF TEENAGE SCHOOLCHILDREN

**Annotation:** This article examines the issue of developing the artistic and aesthetic taste of teenage schoolchildren in a fine arts lesson. Currently, the aesthetic education of the younger generation is one of the main tasks. Formed aesthetic taste is the result of the process of aesthetic education of a person. The science of aesthetics considers aesthetic taste as one of the main characteristics of human artistic culture and connects it with the level of development of the aesthetic culture of society. In this sense, the substantive basis of aesthetic taste is art, which is also considered as a means of aesthetic education of the individual. A student who is educated aesthetically and has a highly developed taste will have a correct view of the world, and his attitude towards learning and

education will also change. Fine arts lessons are of great importance in the formation of artistic and aesthetic taste.
The article focuses on the subject standard and analyzes the goals and objectives set. The article gives the teacher several suggestions for conducting a lesson.

**Key words:** Aesthetic education, artistic and aesthetic taste, fine arts, adolescence, teacher, student, creativity, art, activity, formation.

Окуучуларга эстетикалык тарбия берүү маселеси Кыргыз билим берүү системасынын өнүгүүсүнүн бардык этаптарында актуалдуу бойдон калууда. «Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү» мыйзамында окуучулардын көркөм-эстетикалык табитин калыптандыруу жана өнүктүрүү зарылчылыгы баса белгиленет. Билим берүү системасын реформалоо мектептердин алдына жаңы олуттуу милдетти коюп жатат: адамды – жалпы адамзаттык маданият жана жалпы адамзаттык баалуулуктар болгон коомдун мүчөсүн тарбиялоо.

Бүгүнкү күндө баланын көркөм-эстетикалык табитин калыптандыруу заманбап билим берүүнүн өзгөчө актуалдуу милдети болуп саналат. Чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшү менен баланын көркөм-эстетикалык өнүгүүсү ишке ашат. Дал ушул сезимдик тажрыйбаны, инсандын эмоционалдык чөйрөсүн байытууга өбөлгө түзөт, чындыктын адеп-ахлактык жагын таанып-билүүгө таасирин тийгизет, таанып-билүү активдүүлүгүн жогорулатат.

Бул процесстин курамдык бөлүгү болуп искусство билими – искусство тарыхы боюнча билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү жана көркөм чыгармачылык үчүн жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү процесси саналат. Өспүрүм курагындагы балдардын көркөм-эстетикалык табитин калыптандыруунун өзгөчө жагымдуу ыкмасы – көркөм өнөр ишмердүүлүгү аркылуу өнүктүрүү болуп саналат.

Көркөм өнөр сабагын окутуу балдарды искусствого тартуунун бир усулу катары эсептелет. Баланы өнүктүрүүдө көркөм өнөр абдан чоң мааниге ээ. Көркөм өнөр ишмердүүлүгү балага курчап турган чындыкта эмне көргөнүн, эмнеге тынчсызданып жатканын, оң же болбосо терс эмоцияны бере алат. Сүрөттөөнүн негизин окуучу көркөм каражаттар болгон материалдын фактурасы, формасы, композициясы аркылуу ээ боло алат [1; 219-б].

«Эстетикалык табит – турмуш көрүнүштөрү жана искусство чыгармаларындагы асылдык менен көрксүздүктү айрууга, түшүнүүгө адамдын ийкемдүүлүгү» – деп белгилесек болот.

Көркөм сүрөт искусствосу – дүйнөнү тегиздикте жана мейкиндикте сүрөттөгө байланыштуу искусство болуп саналат. Негизинен көркөм сүрөт искусствосуна скульптура, живопись жана графика кирет. Көптөгөн булактарды изилдөөдө, көркөм сүрөт искусствосуна архитектураны жана көркөм искусствонун бардык тармагын киргизишет.

Кенже өспүрүм курактагы окуучулары үчүн сүрөттүн жана колдонмо өнөрдүн ар кандай технологияларын билүү: салттуу жанрларда пейзаж, натюрморт, портрет менен иштөө. Көбүнчө техникалык ыкмалар эмес, мейкиндиктеги терендикти, предметтердин көлөмүн, анын ичине көлөкө, перспектива, белгилүү бир көркөм мазмунду туюндуруунун каражаттары катары, берүү ыкмаларын үйрөнүү ишке ашырылат; өнөрдүн ар түрдүүлүгүн ачуу максатында билимдердин өздөштүрүлүшү болот; искусство чыгармалары менен искусство таануунун

түшүнүктөрү менен тааныштыруу иштери жүргүзүлөт; балдарда улуттун жана башка улуттардын маданияты жөнүндө түшүнүктөрү кеңейет.

Өспүрүм куракта негизинен өнөр баарлашуу, бири-бири менен мамилелешүүнүн негизги тили катары каралат, ар кандай көркөм өнөрдүн техникаларын колдонуу менен, өзүнүнүн өнөрүн көрсөтө алат.

Эстетикалык жактан ар тараптан дүйнөнү, кубулуштарды өздөштүрүү ортоңку жана жогорку мектеп курактарында да улантылат, Ата журт жана башка өлкөлөрдүн өнөр теориясы жана тарыхы боюнча билимдерди кеңейтүү менен, ар кандай көркөм каражаттар менен иштөө жөндөмдүүлүгү артып, ар бир нерсеге көркөм табити пайда болуп, ар түрдүү образдарды пластикалык татаал композиция пайда кылууга көбүрөөк маани берилет.

Мектепте сүрөт өнөрүн окутуу көркөм образдар аркылуу берилген реалисттик өнөрдүн өзгөчөлүгүнө таянат. Программанын мазмуну негизинен бүтүндөй бир бирдиктүү принциптин шартында түзүлгөн, ал окуучулардын көркөм образдарды кабылдап, аларды өздөрүнүн чыгармачылык иштеринде да жарата билүү жөндөмдүүлүгүн үзгүлтүксүз өнүктүрүү менен шатталат.

Азыркы учурда предмет аралык стандартта көркөм өнөр предметин окутууда:

– искусство чыгармаларын эмоционалдык жактан кабыл алуу жөндөмдүн өнүгүшү;

– адистик жана элдикишмердүүлүктүн чыгармаларына эстетикалык-эмоция мамилени тарбиялоо;

– курчап турган дүйнөгө кандай мамиле кылып жатканын түшүнүүнү үйрөтүү.

Көркөм өнөрдү окутуунун негизги милдеттерине:

– көркөм маданияттын кубулуштарын жана андагы коомдогу ролун түшүндүрүү;

– көркөм ишмердиктин практикалык ыкмаларын жана көндүмдөрүн калыптандыруу;

– көрүү сезими аркылуу кабыыл алууну, түстөрдү тандай билүүнү, композициялык маданиятты, кеңири ой жүгүртүүнү, фантазияны, байкоо аркылуу элестете билүүнү жана комбинация түзүүнү, чыгармачылык милдеттерди жаркын, даана образдар аркылуу ача билүүнү максатка ылайыктуу өнүктүрүү;

– өз алдынча курчап турган дүйнөнү чагылдыруу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү [2; 5-6-бб.].

Көркөм өнөр ишинини түрлөрүнө ылайык программа окуу милдеттери менен шартталган төмөнкүдөй бөлүмдөрдү камтыйт. Тегиздикке сүрөт тартуу, чаптап жабыштырып сомдоо-скульптурасы, аппликация, декоративдик-жасалга (прикладдык өнөрү, өнөрдү жана турмуштук чындыктын объектилерин эстетикалык кабылдоо. Мындан сырткары мугалим окуучуларды ар кандай материал жана техникалардын түрлөрү менен тааныштырып, чыгармачылыгын өнүктүргөн тапшырмалардын негизинде, ошол темага ылайык келген көркөм материалдарды өз алдынча эстетикалык табит менен тандоо билгичтигин калыптандырышат. Окуучу ар бир көркөм чыгармачылык иштин үстүндө иштеп жатып, анын сюжетин, композициясын, анын образдык көркөмдүгүнө тийешелүү болгон ар кандай маселелерди чечет. Класс жогорулаган сайын өтүлгөн материалдар да, аларга болгон мамие да окуучуларда өзгөрө баштайт.

Окуучулар сүрөттөлүштүн чындыкка жакын болушун, демек объекттин көлөмүн, перспективасын, дизайн өзгөчөлүктөрүн чагылдырып турушун камсыз кылышы керек. Бирок сүрөттө мейкиндикти берүү окуучулар үчүн кыйынчылык жаратат, анткени объектилердин перспективалык кесилиши алардын тааныш формаларын таанылгыс кылып өзгөртөт [4].

5-7-класстарга жеткенде, окуучу бет тегиздигинде предметтердин башкарылуучу перспективасын жана мейкиндик мамилелерин аң-сезимдүү өздөштүрө алат. Окуучулар композициянын эскиздерин жасай алышат, бул аларга идеяны ийгиликтүү ишке ашырууга жардам берет. Эстетикалык циклдин башка предметтери сыяктуу эле, искусство да маанилүү өзгөчөлүгү менен мүнөздөлөт: аны (предметти) окутуу окуучулардын эмоционалдык чөйрөсүн билим берүү процессине тартпастан мүмкүн эмес.

Чыгармачыл сүрөттөрдү талдоодо окуучунун элестетүүсүн жана фантазиясынын бардык жактарын эске алуу жана салыштыруу керек. Элестетүү жана фантазия образдарынын бардык булактары адамдын тышкы реалдуулугуна да, ички реалдуулугуна да - адамдын ойлору, сезимдери жана кызыкчылыктары менен байланышкан.

Сүрөт предметинин стандарты чыгармачыл компетенттүүлүктү баса белгилейт. Чыгармачылык компетенттүүлүк окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүк тажрыйбасын өнүктүрүү, искусство мыйзамдарын өздөштүрүү, жеке өзүн-өзү актуалдаштыруу, практикалык иш-аракеттер аркылуу окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн активдештирүү менен байланышкан.

Ошондой эле: ар бир окуучунун кызыкчылыктарын өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен ар кандай чыгармачылык маселелерди чечүү жөндөмүн өнүктүрүү менен байланыштуу.

Көркөм ишмердүүлүктүн ар түрдүү түрлөрүнө ээ болуу менен балдар айланадагы кубулуштарды жана буюмдардын сүрөтүн түзүү мүкүнчүлүгүнө ээ болушат. Ар түрдүү программаларда ар түрдүү көркөм материалдар менен таанышуу каралган, бирок муну менен бирге балдарды окутууда ар түрдүү педагогикалык технологияларды колдонуу керек, бул чыгармачылык ишмердүүлүктүн эффективдүү өнүгүүсүнө таасир тийгизет.

Өспүрүм курактагы окуучулардын эстетикалык табитин калыптандырууда көркөм өнөр сабагынан компьютерди да колдонуу жакшы натыйжаны берет. Көркөм өнөр сабагынан компьютерди колдонуу эмоционалдык туура көңүлдү пайда кылат, бул көркөм чыгармачылыктын өнүгүүсүнө оң таасирин берет.

Өспүрүм курактагы окуучуларга көркөм өнөр сабагын өтүүдө жана көркөм-эстетикалык табитти калыптандыруу үчүн, иштердин төмөнкү багыттарынан баштоо керек:

1. Билимден чыгармачылыкка – окутуунун негизги усулу.
2. Окуу материалын акырындык менен кабыл алууну камсыз кылуу.
3. Чыгармачылык процесске акырындык менен жетүүнү камсыздоо.
4. Композициялык жана көркөм иштердин сөзсүз түрдө сабаттуу болушун талап кылуу.
5. Ар кандай конкурстарда катышууда ойдун оригиналдуулугун сыйлоо максатында жана аткаруу сапатын жогорулатууда ишти стимулдаштыруу.
6. Ойдун жана аткаруучулуктун ойлоп табуучулугун, оригиналдуулугун жана окшошпогондугун стимулдаштыруу.
7. Образдык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн ар кандай көптөгөн чыгарылыштары бар тапшырмаларды берүү.
8. Мүнөзүнө карабастан ар бир иштин аякташына, тазалыгына жана көркөмдүүлүгүнө, көркөм табиттин пайда болушуна талап коюу.
9. Тандалып алынган көркөм материалдын ойлогон идеяга туура келишин камсыздоо.
10. Окуу материалын түшүнүүдө жандандыруу үчүн оюн абалдарын түзүү.
11. Мектепте иштөөнү жакшы көрүүгө, кызыгууга, дайыма чыгармачылык атмосфераны, чыгармачылык майрамды пайда кылуу үчүн, иштерди ар түрдүү мүнөздө, темаларын,

материалдарын, иштин масштабын өзгөртүп, кичинекей сүрөттөр чоң иштер менен алмаштырууга болот.

12. Бир теманын, аткаруунун бир техникасына, баарына бирдей мүмкүнчүлүк болгондугуна карабастан индивидуалдуулукту, өз алдынчалуулукту көрсөтүүсүн стимулдаштыруу.

13. Иштин жыйынтыктарын талдоо, өзүнүн чыгармачылык идеясын түшүндүрүү жана коргоо билгичтигин талап кылуу, сөзсүз түрдө рефлексия кылуу.

Мугалимдин сабагын билгичтик менен уюштуруусу оң натыйжага алып келет. Окуучунун чыгармачылык ишинин сапаты мугалимдин өзү сүрөт тартуунун принциптерин кантип көрсөтөрүнө жараша болот. Искусство – бул көркөм чыгармачылыкта көрүнгөн, чындык менен сулуулукта күчкө ээ жана адамдын курчап турган дүйнөнү кабыл алуу маданиятын түзгөн адам болмушунун кайталангыс кубулушу.

Өспүрүм курагындагы балдардын көркөм-эстетикалык табитин калыптандырууга багытталган көркөм өнөр ишмердүүлүктүн азыркы учурда көптөгөн салттуу эмес техникалар, усулдар жана ыкмалар да колдонулат.

Сабак убагында окуучулардын эстетикалык табитин калыптандырууда ар кандай техникаларды, усулдарды жана ыкмаларды колдонуу жакшы натыйжаларды беришин белгилеп кетүү керек.

Көптөгөн салттуу эмес сүрөт тартуу техникалары бар жана алардын өзгөчөлүгү балдарга каалаган натыйжага тезирээк жетүүгө мүмкүндүк бергендигинде. Педагогдун кандай усулдарды жана ыкмаларды колдонгонунан салттуу эмес техникалардын окутуудагы ийгилиги көз каранды болот.

Ар бир жаш куракка салтту эмес сүрөт тартуунун ар кандай ыкмаларын колдонуу менен, жөнөкөйдөн баштап, акырындап татаалга өтүү керек. Сабак убагында окуучулар тематикасына жараша жана иштин ар кандай ыкмаларын колдонууну талап кылган ар кандай тапшырмаларды аткарышат. Бул окуучуларга ар кандай көркөм материалдар менен иштөөгө жана көркөм өнөрдөн көндүмдөрдү калыптандырууга жардам берет. Тапшырмаларды татаалдантуу акырындык менен, дайыма болуп турат.

Көркөм өнөр сабагында мугалим окуучулардын көркөм-эстетикалык табитин калыптандыруу максатта төмөнкүдөй усулдарды колдонсо болот:

Окутуунун активдүү усулдары – бул окуучулардын таанып-билүү иш-аракетин активдештирүүнүн жолдору, алар материалды өздөштүрүү процессинде мугалим гана эмес, окуучулар да активдүү болот.

Активдүү усулдарга төмөнкүлөр кирет:

- көйгөйлүү ситуациялар,
- ишмердүүлүк аркылуу окутуу,
- оюн аркылуу окутуу,
- топтук жана жуптук окутуу,
- иштиктүү оюндар,
- драмалаштыруу жана театрлаштыруу,
- «Диалог» чыгармачылык оюну,
- «Мээге чабуул»,
- «Тегерек стол»,
- дискуссия.

Интерактивдүү окутуу усулдары

Интерактивдүү («Inter» - өз ара, «act» - аракет кылуу) кимдир бирөө менен баарлашуу, сүйлөшүү, диалог режиминде болуу дегенди билдирет. Башкача айтканда, активдүү усулдардан айырмаланып, интерактивдүү усулдар окуучулардын мугалим менен гана эмес, бири-бири менен да кеңири өз ара аракеттенүүсүнө багытталган.

Интерактивдүү окутуунун принциби – окуу процесси туруктуу, активдүү өз ара аракеттенүү шарттарында ишке ашат. Мугалим жана окуучулар өз ара аракеттенишет, окуучулар кызматташып, бири-бирин үйрөтүшөт. Сабакта так, аныкталган максаттар коюлуп, бардык иш пикирлердин негизинде жүргүзүлөт. Ошол эле учурда сабак учурунда жаңы нерселерди үйрөнүүгө болгон мотивация жогорулап, окуучунун инсандыгы, чыгармачылык жөндөмдүүлүгү, ой жүгүртүүсү, сүйлөө жөндөмү өнүгөт.

*Артыкчылыктары:*

• көз карандысыздык, анткени ар кандай булактардан маалыматты издөө керек;
• тажрыйба алмашуу үчүн коммуникациялык көндүмдөрдү өнүктүрүү;
• критикалык ой жүгүртүү;
• чыгармачылык көндүмдөр;
• психикалык ден соолук, анткени бул ыкма күчөгөн психикалык жана академиялык стресстен арылууга жардам берет;
• материалды оңой өздөштүрүү;
• когнитивдик мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу.

Көркөм өнөр сабагында колдонулган интерактивдүү усулдар:

• Мастер класстар – практикалык тажрыйбаны мугалимден окуучуларга өткөрүп берүү.
• Интерактивдүү вебинарлар – талкуу, талдоо, слайддарды же фильмдерди көрсөтүү менен катар салттуу лекция.
• Кейс – конкреттүү кырдаалды чечүү.
• Добуш берүү, сурамжылоо – дискуссия, анын жүрүшүндө студенттер чындыкты издөөгө активдүү катышып, пикирлерин ачык айтып, өз көз карашын талашууга үйрөнүшөт.
• Акыл чабуулу – идеяларды биргелешип түзүү жана стандарттуу эмес чыгармачылык чечимдерди издөө.
• Долбоорлор – берилген тапшырма боюнча өз алдынча иштөө.

Тренингдер - маселени биргелешип чечүү, андан кийин талкуулоо.

• "Микрофон" - бир окуучунун коюлган маселе боюнча айткан сөзү, калгандары комментарий беришпейт.

* "Броун кыймылы" - чечим издөөдө класс боюнча башаламан кыймыл.
* Дебат-эки тараптын негиздүү жана жүйөлүү билдирүүлөрү.
* Бизнес оюндар-кырдаалдарды ойноо.

• "Аквариум" - бул процессте катышпаган катышуучулар болуп жаткан окуяларга комментарий берген бизнес оюндарынын бир түрү.

* Ротациялык үчтүк-үч кишиден турган топто иштөө, анда ар бир кийинки тапшырмада курамы өзгөрүлүп турат.
* Жуптар жана чакан топтор - эки же андан көп окуучу катыша алат.

• "Чечим дарагы" - ватман менен иштөө: топтор кырдаалдын чечилишин жазышат, андан кийин өз идеяларын кошуналардын кагазына кошуп, ватман менен алмаштырышат.

Окуучулардын көркөм-эстетикалык табитин калыптандырууга сабак убагында педагогикалык технологиялардын да жардамы чоң. Мисалы,

- проблемалык окутуу;

- окутуудагы изилдөө усулдары;
- окутуунун долбоорлоо усулу;
- өнүктүрүп окутуу;
- оюн технологиялары;
- маалыматтык-коммуникациялык технологиялар.

Азыркы заманбап билим берүү системасы мугалимге көптөгөн инновациялык усулдардан, ыкмалардан жана технологиялардан «өзүнүн» методикасын тандап алууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берип жатат. Жаны усулдар жана технологиялар салттуу уусулдарды сүрүп таштайт деген ойдон алыс болушубуз керек. Жаны усулдар, технологиялар салттуу методиканын бөлүгү болуп, сабактарды кызыктуу, жеткиликтүү жана ар бир окуучуга багытталгандай кылууга жардам берет.

Жыйынтыктап айтканда, биз келечектеги жаңы коомдо жаш муундарыбыз кандай болуусу керек деген суроого – ар тарабынан өнүккөн, дени сак, билимдүү, жан дүйнөсү таза, ички дүйнөсүнө сырткы келбети төп келген, жүрүм-туруму моралдык эрежелерге дал келген, көркөм – эстетикалык табити өнүккөн, эмгек көндүмдөрү бийик деңгээлде калыптанган, маданияттуу инсанды элестетебиз [3; 6-б].

**Колдонулган адабияттар:**

1. Иманкулова, С. Э. Особенности и сущность эстетического воспитания младших школьников в современных условиях / С. Э. Иманкулова, Э. М. Мусаева // Вестник Кыргызского государственного университета имени И. Арабаева. – 2019. – № 1. – С. 217-221. – DOI 10.33514/1694-7851-2019-1-217-221. – EDN ZUYYDP https://elibrary.ru/item.asp?id=42502903 (Дата просмотра 11.03.24.)
2. Көркөм өнөр жалпы билим берүү уюмдарынын 5-7- класстар үчүн предметтик стандарт. – Б., – 2018. – 5-6-бб.
3. Нукешов С.Т. Башталгыч билим берүүнүн методикасы дисциплинасынын көркөм өнөр предметине лекциялык курс. – Талас, 2021. – 72 б.
4. Сыдыгалиев Ж. Мектепте сүрөт искусствосун окутуунун методикалык негиздери. – Бишкек, 2010. – 326 б.

**Рецензент: кандидат педагогических наук, доцент Такенова Ж.**